# ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК:821:808.1(575.2)**

***Осмонова Ж.Р.***
*асп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## "ЭНЕЛЕР ҮНҮ ЖЕ КЫРГЫЗ ЭНЕНИН УУЛДАРЫНА КАЙРЫЛУУСУ" ПОЭМАСЫНДА ДООР ЧЫНДЫГЫНЫН КӨРКӨМ ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛАНЫШЫ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары – Меңди Мамазаированын "Тур, улуу журт!" поэмасынын уландысы, акындын "Энелер үнү же кыргыз эненин уулдарына кайрылуусу" поэмасында доор чындыгынын көркөм интерпретацияланышы адам, коом, мезгил маселесинин көркөм - идеялык өзгөчөлүктөрү, турмушту поэтикалык чагылдыруудагы өз алдынчалыгы, ойду берүүдөгү предметтүүлүк жана конкреттүүлүк маселелери каралды. Изилдөөнүн негизги максаты – акындын мекен, ата журт темасынын идеялык-көркөмдүк наркы, колдонгон каражаттарынын кыргыз поэзиясынын контекстинде талдоо жана баало болуп эсептелет. Изилдөөнүн илимий баалуулугу – кыргыз жана дүйнөлүк адабият таануу илиминин жетишкендиктерине негизделип, акындын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, анын мекен темасындагы ырларынын идеялык – тематикалык, стилдик бөтөнчөлүктөрү, образдуулукту түзүү каражаттары улуттук адабият таанууда алгачкы жолу изилдөөгө алынып жатат. Изилдөөдө алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү - эмгектен алынган тыянактар, сунуштар кыргыз адабият таануусундагы улуттук поэманы, анын ичинде Меңди Мамазаированын чыгармачылыгын окуп үйрөнүүдө, жогорку окуу жайларынын жана орто мектептердин окуу программаларын, окуу-методикалык колдонмолорун жазууда пайдаланылат.*

***Негизги сөздөр**: поэмадагы доор чындыгы; коомдук-социалдык; саясий-маданий; элдик баалуулуктар; дүйнө таанымы; адилеттүүлүк; ыймандуулук.*

## ХУДОЖЕСТВЕННАЯ ИНТЕРПРЕТАЦИЯ РЕАЛЬНОСТИ ЭПОХИ В ПОЭМЕ "ГОЛОС МАТЕРЕЙ ИЛИ ОБРАЩЕНИЕ КЫРГЫЗСКОЙ МАТЕРИ К СЫНОВЬЯМ"

*Предмет исследования в данной работе - произведение Менди Мамазаировой «Вставай, великий народ!» и ее продолжение «Голос матерей или обращение кыргызской матери к сыновьям», рассмотрены художественно-идеологические особенности темы человека, общества, времени самостоятельность в поэтическом изображении жизни, субъективность и конкретность в изложении идей. Основная цель исследования - проанализировать и оценить идейно-художественную ценность темы Родины Менди Мамазаировой, отечества, средств, использованных в контексте кыргызской поэзии. Научная ценность исследования основана на достижениях кыргызского и мирового литературоведения, творческих особенностях поэта, идейно-тематических, стилистических особенностях его стихотворений на тему Родины, а также средствах создания образов. Данный вопрос впервые изучается в отечественноем литературоведении. Практическая значимость полученных результатов заключается в том, что выводы и рекомендации, полученные в результате работы используются при чтении и изучении национальной поэмы в кыргызском литературоведении, в том числе творчества Менди Мамазаировой, при написании учебных программ высших учебных заведений и общеобразовательных школ, учебно-методических пособий.*

***Ключевые слова:** правда веков в поэме; общественные, социальные; политико-культурные народные ценности; мировоззрение; справедливость; вера.*

## THE VOICE OF MOTHERS OR THE APPEAL OF A KYRGYZ MOTHER TO HER SONS

*The subject of research in this work is the work of Mendi Mamazairova "Arise, great people!" and the continuation of the work "The Voice of Mothers or the Appeal of a Kyrgyz Mother to Her Sons" examines the artistic and ideological features of the theme of man, society, time, independence in the poetic depiction of life, subjectivity and specificity in the presentation of ideas. The main goal of the study is to analyze and evaluate the ideological and artistic value of the theme Fatherland of Mendi Mamazairova, and the means used in the context of Kyrgyz poetry. The scientific value of the research is based on the achievements of Kyrgyz and world literary studies, the creative characteristics of the poet, the ideological, thematic, and stylistic features of his*

*poems on the theme Fatherland, as well as means of creating images. It is first studied in domestic literary criticism on this question. The practical significance of the results obtained lies in the fact that the conclusions and recommendations obtained as a result of the work are used in reading and studying the national poem in Kyrgyz literary criticism, including the work of Mendi Mamazairova, in writing curricula for higher educational institutions and secondary schools, educational -methodological aids.*

***Key words:*** *the truth of the age in the poem; social, political-cultural, folk values, worldview, justice, faith.*

Меңди Мамазаирова “Энелер үнү же кыргыз эненин уулдарына кайрылуусу” аттуу публицистикалык поэмасы “Тур, улуу журт!” чыгармасын идеялык-тематикалык жактан улантып, бүгүнкү мезгилдеги адам, коом, адеп-ахлак, улуттук нарк-насил маселесин көтөргөн. Поэманын көркөм-идеялык маанисинин тереңдиги заманыбызда болуп жаткан коомдук-социалдык, саясий-маданий, элдик баалуулуктар ж.б. проблемаларга байланыштуу акын-эненин көзү, аялдын жүрөгү, дүйнө таанымы, патриоттук руху менен кайрылуу жасаган. Андыктан акын - эненин поэмасындагы негизги ой, терең мазмун, көркөм кредосу ачык даана тартылган.

Эр эмесмин!
Эрди тууган энемин.
Элим үчүн.
Эр өстүрүп келемин.
Эки этегим желек болуп делбиреп,
Эки колум калак болуп суу шилеп,
Ай-ааламга дүрбү болуп карегим,
Айдап келем бул жашоонун кемесин [1].

Поэманын мазмунунан көрүнгөндөй, акын өз калкын жан - дили менен жакшы көрөт, ага жалаң гана жакшылык каалап дүйнөдөгү өнүккөн элдердин катарына өсүп чыкса, социалдык-экономикалык, саясий-маданий жактан кубаттуу болуп, улутташтарыбыз алдыңкы байгер, маданияттуу жашоо ыңгайына байырлаган, жаштарыбыз билимдүү, руханий жактан терең болгон башкалардан кем калбай келечекке арыштаганын чын дилден көргүсү келет. Ошондуктан автор кыргыз турмушундагы улуттук дөөлөттөргө кирген ар бир жаңылыкка назары түшүп, сүймөнчүлүк менен ырга кошот. Поэмада акын эненин жүрөгү, көкүрөк сезими, дүйнө кабылдоосу аркылуу капиталисттик доордун башатында, базар экономикасынын кабшабында жашап жаткан кыргыз элинин коомдук-социалдык, саясий, маданий турмушундагы болуп жаткан көйгөйлөрдү турмуш чындыгынын негизинде сүрөттөгөн. Арийне М. Мамазаирова эркиндиктин туусун колуна алган мамлектибиздин гүлдөп өнүгүшүнө терс таасирин тийгизген, кедери кетме өнөкөттөрүнө күйүп-бышат:

Өлүк дүйнө, арам оокат айынан,
Падыша да УБАДА, АНТТАН тайыган,
Ана ошентип,
Укурукка мойнун тосуп бир күнү,
Ажыраган алтын таажы, тагынан,
Куру калып тууган жерден, баарынан.
Акча, алтын ойлогону жай, кышы,
Арбып барат сенин тойбос алкыңды.

Жанын сабап, тырмышасың бийликке,
Сакташ үчүн байлык деген “бактыңды” [2].

Поэмада сүрөттөлгөндөй, автор бийликти мансапка айландырган элдин кызыкчылыгынан өзүнүн кызыкчылыгын жогору койгон мамлекет башчылардын кесепети калың журтка кыйын кырдаал жаратып көкөй кести жашоо алып келерин, үч жолу төңкөрүш болуп, эки ажо мекенинен качып бозгунга айланганы, алардын ордун баскан башчылар деле ат чабым алыстап кете албай карапайым калкка азабы тийип жатканына жаны кейийт.

Чыгармадагы дагы бир күчтүү ой материалдык дүйнө алдыңкы орунга чыккан жерде адилеттүүлүк, ыймандуулук, руханий терең көрөңгө тайыздап баратканы өкүнүчтүү көрүнүшкө айланганы. Айрыкча көпчүлүк жаштар таалим-тарбиядан арта калып, адам роботко айланып, кайдыгерлик оорусу каптап баратканы жашыруун деле эмес.

... Ооба бүгүн
Балдар башка.
Талаптары күчүркөп,
Четти туурайт, уктаса да түшүркөп.
Кызыктырып бөтөн турмуш, жоруктар,
Карегинде эч нерсе жок бош көздөр,
Улууларды жалт карайт бүшүркөп.
Булар дагы коомдогу бир катмар,
Эстегенде эт-жүрөктү канатаар.
Сырты окшош улутума,
Ичи эмне?
Чала жандар,
Зарлап тапкан баладай,
Эркиндиктин акыбети ушулбу?
Булар дагы чачты эчен агартаар [3].

Албетте, көркөм адабият болмуш, турмуш, мезгил жөнүндө маалыматтын булагы болуп кызмат кылат, башка тармактардан айырмасы ал - “көркөм маалымат”. Мүнөз конкреттүү болмушту сезиле турган (чувственный) бычынында чагылдырган себептүү мазмунду абстракттуу түрдө эмес, конкреттүү, биз сезүүбүз менен кабыл ала турган даражада берүү мүмкүндүгүнө ээ” [ 4 ] - дейт профессор М. Борбугулов.

Ушундай мааниде М. Мамазаирова өз калкынын тарыхый тагдыры жана келечектин ээси болгон жаштардын азыркы ал-абалы, жаңы мезгилдеги татаал жолдогу кыйчалыш кырдаалдагы каргашалуу окуялардын мисалында чыныгы турмушун калкып берген. Соңку чейрек кылымда кыргыз баласынын турмушунда көптөгөн өзгөрүүлөр болду, дүйнөдөгү эң бир адилетсиздиги күчтүү базар экономикасы өзүнүн катаал шарттарын койду; жеке менчикке өткөн сайын калктын адеп-ыйман түшүнүгүндө жаңы нерселер келип чыкты; өспүрүмдөр арасында өзүн-өзү кол салган жанкечтиликке баруу, адам өлтүрүү, баңгичилик, араккечтик, кумарпоздук, ар түрдүү адамдын үрөйүн учурган коркунучтуу окуялар күчөдү. Чынында бул темага автордун кайра-кайра кайрылганы да, далай жыл чымыркана ой-санаа тартып жүрүп келген. Ошондуктан эне-акын катары замандаштарына минтип кайрылат:

Эй, балдар ай!
Эң биринчи көкүрөктү өйүгөн,
Адам барбы, Ата Журтун сүйбөгөн?
Улутум деп улутунуп,
Суугуна тоңбогон да,
Ысыгына күйбөгөн?
Эмне даркер адамзатка баарынан?
Кантип эле өз башатын, рухун,
Түп атасын, туругун.
Наркын, салтын, насилин,
Адам барбы
Аздегим деп көкүрөккө түйбөгөн?

Эң биринчи Мекен даркер пендеге,
Үстүндө үйүң,
Кутуң, жытың билгенге,
Тарыхың да, таржымалың, өмүрүң,
Улуу иштер ушул жерден башталат.
Өлсөң жайың: асыл, адал Мекенде,
Башка элдердей өрттөлбөстөн,
Топуракта аздектелген баш калат.
Өлсөң дагы, тирүүңдө турагың,
Эч нерсеге алмаштыргыс-
Өмүр, сууң, булагың.
Анан мынча кайдыгерсиң эмнеге?
Алтын тактуу, туулуп өскөн Мекенге [ 5 ].

Поэманын мазмунундагы караандай турмуш чындыгын сүрөттөөдө автор бир адабий же башка коомдук таасирлерге жетеленгенден эмес, өз алдынча дүйнө таануу, ойлонуу, изденүү процессинде келип кабылган. Эң негизги өзү ушундай оор заманда жашап жатканы, “намыссыздыкты, арсыздыкты чогултуп, бала сымал өзүм тууп алгандай” деп, бир чети жаштардын руханий жакырлануунун түпкүрүнө түшүп баратканына кудум өзүн күнөөлү сезип, жүрөк титиреткен окуяларды көрүп, угуп жан кейитип жазып жатканына күбө болуп олтурабыз. Мекенди, жерди кадырлай билиш үчүн адамдардын өзүндө адамдык абийир, тазалык, бийик нарк, ток пейилдик, ынсап-ыймандуулук, эл жана мамлекет алдында жоопкерчилик болуш керек. Ушундай түшүнүккө, бийик аң-сезимге жетип жашабаган адам мекендин баркына да жетпейт.

Анткени Жер деген сенин Мекениң да, тагдырың да. Ошондуктан жер койнунда өмүр сүрүп, азыктануу сенин өмүрүң, көрөөр күнүң болсо, сен аны асырай, сактай албасаң, Ата-энедей ыйык тутуп, урматтай билишиң керек. Кайсы заман, кандай турмуш болбосун, баары бир азыкты жерден аласың, канчалык бийик көтөрүлбө, баары бир кайра келип жерге коносуң. Жер бар үчүн баарыбыз барбыз. Мекендин ыйыктыгын сезүү, коргоо ар бир адамдын парзы, өзгөчө эр жигиттин. Көсөм акын А. Осмонов: “сен ооруба, мен ооруюн Ата-Журт” деп тегин жерден айтпаган чыгаар. Дал ушундай Кыргызстандын ар бир жараны мекен, эл үчүн кара жанын аябаган чыныгы аттуулдук сезими күчтүү болушу зарыл.

Бүгүн мына,
Ак жоолугум булгалап,
Энелердин жолун жолдоп “Аллалап”,

Алдыңарга чыктым арга болушка.
А эгерде...
“Жо-ок” десеңер үйрүп жүздү,
Бүлүндүрүп бүтүндү.
Бейбаштыкты баштасаңар,
Сыздатсаңар жүлүндү.
Кыргыз ЭНЕ каргап салат,
Ыкка көнбөс балдарын,
Жети муунуңа жетишээрлик,
Кара КАРГЫШ алганың,
Жараткандын түбөлүккө,
Каарына калганың.
Ак жоолугум ЫНТЫМАККА жол сурап,
Жакшылыктан үзүлбөстөн үмүтүм,
Айдап келем,
Бул жашоонун кемесин! [ 6-7 ].

Поэмада автордун мээлегени дал бутага тийген, анткени анда Ата Мекенди коргоо деген улуу патриоттук идея көтөрүлгөн. Тарыхта Курманжан датка орус падышачылыгынын кыргынынан элди коргоп калыш үчүн баласы Камчыбекти дарга асып жатканда трагедияга тике карап туруууга туура келген. Ч. Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестинде Толгонай эне күйөөсү, эр жеткен үч уулу согуштан кайтпай калганда да канчалык оор, кайгыга батып турса да чымыркана көтөрдү. Мындай мисалдар тарыхта көп эле жолугат.

Чыгармада “ак жоолугум булгалап, энелердин жолун жолдоп “Аллалап”, алдыңарга чыктым арга болушка” деп эне элдин ынтымагына өзүнүн кызыкчылыгы үчүн доо кетирген, бийлик, байлык талашкан адамдарды тынчтыкка чакырып, ак жоолугун булгалап чыгат. Албетте, ак түс жакшылыктын, тынчтыктын символу. Ак түстү элибиз жогору баалаган. Кыргыздар келин келсе ак көйнөк кийгизип, ак жоолук салган, үйгө конок келсе актык менен (кымыз, сүт, айран, курут ж.б.) меймандаган, мырзалар ак калпак, апалар ак элечек кийишкен.

Поэмада элдин ынтымагын бузуп, мекенге коркунуч туудуруп, өз бийлиги, кызыкчылыгы үчүн бөлүп жарса, “ыкка көнбөс балдарды, жети муунуңа жетишээрлик, кара КАРГЫШ алганың”- дейт. Акын каргыш деген сөздү баш тамгалар менен жазып, баса көрсөтүп жатат. Элибиз жаман сөздөн, каргыштан корккон. “Каргыш - адамдын күнүмдүк жашоо процессинде турмуштук бир кырдаалдан (жек көрүү, өч алуу, ич күйүү, ардануу) улам келип чыккан психикалык абалынын курчушун көргөзөт. Адатта каргыштын келип чыгышына тигил же бул окуя себепкер болот. Каргыштын алгачкы формасы ыр түрүндө болбостон “кара сөз” түрүндө ар кандай магиялык күчтөр, манипуляция аркылуу жаралганын (“заклинание”) байыркы грек мифологиясындагы маселен Гесиоданын, “Теогония”(“Происхождение богов”) Овдийдин “Метаморфоза” (Превращения) өңдүү поэмаларынын тексттеринен кездештиребиз” .

Окумуштуу Л. Потапов белгилегендей: “каргышта бирөөдөн өч алуу максатында сыйкырлоо же дубалоо менен ар кандай айла амалдар жасалган. Жабык мүнөздөгү иш жашыруун сыр катары сакталган. Ал эми сыйкырлоо болбосо да дубалоо “злой духтарды” чакыруу ырым-жырым жөрөлгөлөрү байыркы Алтай шамандарында же Түштүк Корея шамандарында атайын ритуал катарында өткөрүлгөн” [4].

Каргыш ырларынын ырым-жырым жөрөлгөлөрүнөн келип ыр түрүндө айтылып калышы алтайлыктарда гана эмес, тектеш түрк элдеринде ушундай формада калыптангандыгын белгилей кетмекчибиз. Кыргыз элдик чыгармаларда, уламыш, мифтерде тексттеринде каргыш

ырлары кездешет. Башкасын айтпаганда да, “Манас”, “Семетей”, “Сейтек”, “Эр Төштүк”, “Кожожаш”, “Курманбек” эпосторубуздун өзөгүндө каргыш ырлары кеңири кездешет. Каргыш ырлары сөздүн курчтугу, октой тийгендиги менен адамдын психикасына каттуу таасирин тийгизген. Сөздүн күчү анын касиетинде эмеспи. Айтмакчы, элибизде каргышты жөнөкөй адам айтпастан, оозунда сөзү бар, “каргышы ката кетпеген”, “тилинде мөөрү бар”, “оозунан чыккан сөзү ок” демекчи касиеттүү адамдар айтканда, көбүнчө орундалганы жөнүндө көп эле угуп жүрөбүз. М. Мамазаирова поэмасында элдин ынтымакчылыгына, Ата-Журттун бүтүндүгүнө кастык мамиле жасаган эл бузарлар каргышка калаарын эскертет. “Акындын ырында анын поэтикалык чеберчилиги, турмуштун бул же тигил көрүнүштөрү тууралуу поэтикалык формада сүйлөп берүү ыкмасы гана көрүнбөстөн, ошол эле кезде анын өзүнүн инсандыгы, мүнөзү, жекече адамгерчилик сапаттары көрүнөт” [2, 3], - деп М. Исаковский таамай айткандай, поэмада автордун личносту терең ачылат, акын турмушта анчалык чечилбеген, айта албаган ички сырларын да айта алат. Поэманын көркөм-идеялык түркүгү, визиткасы болгон: “эр эмесмин, эрди тууган энемин, элим үчүн, эр өстүрүп келемин” деген ыйык эненин образы. Поэмада бийик патриоттук идеяны жеткирүүдө, коомдогу ар түрдүү көйгөйлордү ачып берүүдө маанилүү адабий ыкты таба алган. Мекен-эне ири темалардын бири. М. Мамазаированын поэмасынын мазмунуна кан куюп, жан берип турган ушул Мекен-эне таанымы, түшүнүгү. Акындын көргөчтүгү эненин сөзүн, кайрылууларын негизги ойду ачып берүү үчүн багытына буруп, уюштура билгендигинде. Натыйжада композицияны куруудагы мындай бөтөнчөлүк мазмунду жеткиликтүү ача билүү талабына ылайык шартталган.

**Жыйынтык**

Эненин образы поэмада сюжетте баштан аяк катышып, эне өткөн тарых менен соңку чейрек мезгилдеги коомдогу болуп жаткан ар түрдүү проблемаларды, элдин башынан өткөн татаал турмуш жагдайларын, кыйчалыш тагдырларын, адеп-ахлагын, нарк-насилдерин, улуттук баалуулуктарын салыштырып, эненин эстутуму, жүрөгү аркылуу өтөрү белгиленди. М. Мамазаированын **“**Энелер үнү же XXI кыргыз эненин уулдарына кайрылуусу” аттуу публицистикалык поэмасы терең драмага толгон мазмуну, патриоттук духу, реалисттик сүрөттөөлөрдүн чеберчилиги менен өзгөчөлөнүп, эгемендүү мезгилдин турмуш чындыгын көркөм интерпретациялангандыгы анык.

**Колдонулган адабияттар тизмеси:**

1. **Мамазаирова, М.** Тур, Улуу журт! Ырлар, поэмалар [Текст] / М. Мамазаирова. – Бишкек: Турар, 2010. – 35 б.
2. **Борбугулов, М.** Адабият теориясы [Текст]: окуу китеби / М. Борбугулов. - Бишкек: Шам,1996. - 554 б.
3. **Мамазаирова, М.** Тандалмалар: Ырлар, поэмалар [Текст] / М. Мамазаирова. - Бишкек: Турар, 2013. - 484 б.
4. **Потапов, Л. П.** Алтайский шаманизм [Текст] / Л.П. Потапов.- Ленинград: Наука. -1991. - 130 б.
5. **Исмаилова, Б.Т.** Особенности формирования кыргызской литературной критики [Текст] / Б.Т. Исмаилова // Наука. Образование. Техника. - Ош: КУУ, 2019. - №3. - 58 - 63 с.
6. **Осмонова, Ж.Р.** В поэме Менди Мамазаировой “Тур, Улуу журт!” задачи человека, общества и времени [Текст] / Ж.Осмонова // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУМУ, 2023. - №3. - С. 173-179.
7. **Осмонова, Ж.Р.** Связь человека с природой в поэзии Менди Мамазаировой [Текст] / Ж.Осмонова // Наука.Образование.Техника.-Ош: КУМУ, 2023.-№3.- С. 179-185.

Поступила в редакцию: 05. 09. 2024 г.